**Бекитемин:**

А.Коёнкөзов атындагы №18 Токтоян

жалпы орто билим берүү мектебинин

директору: Муканбетова Э.Б

**А.КОЁНКӨЗОВ АТЫНДАГЫ №18 ТОКТОЯН ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИНИН 2022-2023-ОКУУ ЖЫЛЫНДА АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРУУНУН ЖЫЛДЫК ПЛАНЫ**

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Мөөнөтү | Жооптуулар | Кайда каралат | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энелер комитетин түзүү жана иштеп чыгуу | Сентябрь | Мектеп админисртация сы | Ата –энелер чогулушу | Иш чаралар | Ата –энелер комитети түзүлөт.Иш чаралар иштелип чыгат |
| 2 | Ата-энелер менен үч тараптуу келишимдерди түзүү. | Сентябрь | Мектеп администрация сы.Класс жетекчилер. | Класс жетекчилер бирикмеси | Үч тараптуу келишим | Ата –энелер менен келишим түзүлөт |
| 3 | Ата-энелер үчүн “Ачык эшик” күнүн жарыялоо | Дайыма | Мектеп администрация сы.Предметтик мугалимдер | Усулдук кеңешме | Ачык сааттардын иштелмелери | Ата –эне менен мектептин байланышы бекемделет. |
| 4 | Аз камсыз болгон үй бүлөдөгү окуучуларды колдоо. | Дайыма | Ата –энелер комитети.Кам көрүү кеңеши. | Өндүрүштүк кеңешме | Аз камсыз болгон үй –бүлөдөгү балдардын тизмеси | Кам көрүү кеңешинин жардамы менен материалдвк жардам көрсөтүлөт |
| 5 | Ата-энелер арасында кароо сынактар “Эң мыкты эне-2023”, “Эң мыкты сабак даярдоочу бөлмө” .Ар кандай спорттук иш-чаралар. | Апрель Май | Мектеп администрация сы.Ата-энелер комитети.Дене тарбия мугалимдери. | Өндүрүштүк кеңешме | Кароо сынактар,спор ттук иш-чаралардын иштелмелери | Ата –эне менен мектептин байланышы бекемделет.Демө өрчүлөр көбөйөт. |
| 6 | “Билим берүү деңгээли канааттандырабы?” Ата-энелер менен анкета жүргүзүү. | Декабрь Май | Мектеп администрация сы.Ата-энелер комитети | Өндүрүштүк кеңешме | Анкета | Ата –энелердин көз караштары аныкталат.Жыйын тык чыгарылат. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Ата-энелер менен<br><br>бирдикте түнкү рейдге чыгуу. | Дайыма | Соц.педагог,кл. жетекчилер. Ата-энелер комитети. | Өндүрүштүк кеңешме | Түнкү рейд графиги | График боюнча рейд жүргүзүлөт. |
| 8 | Ата-энелер арасында ар түрдүү темада лекцияларды өтүп туруу. | Чогулуш сайын | Организатор Класс жетекчилер | Класс жетекчилер бирикмеси | Даярдалган материалдар | Чогулуш сайын ар түрдүү лекция,докладдар окулат |
| 9 | Окуучулардын эс алуусун уюштуруу | Каникул учурунда | Ата-энелер комитети | Класс жетекчилер бирикмеси | Эс алууга чыгаруу | Каникул учурунда окуучулардын убактылары туура пайдаланылат. |
| 10 | Камкорчулар кеңешинин чогулушу | Ар бир чейректин экинчи жумасы | Мектеп директору,кам көрүү кеңешинин төр агасы. | Кам көрүү кеңешинин чогулушунда | Кам көрүү кеңешинин отчёттору,маалыматтар | Ата –энелер мектептин жашоосу менен тыгыз байланышта болот. |

## Ата –энелер менен иштөө.

**Ата-энелер жыйналышынын өткөрүүнүн жана даярдоонун технологиялары**

**Класстык ат-энелер жыйналышынын болжолдуу жобосу**

**1.Жалпы жобо**

**Класстык ата-энелер жыйналышы-класстын ата-энелеринин өзүн-өзү башкаруусунун жогорку органы.Ар бир чейрек сайын милдеттүү түрдө чогултулат.**

**2.Класстык ата-энелер жыйналышы**

**2.1 Класстын ата-энелеринин ишмердүүлүгнүн негизги багыттарын мугалимдердин,класс жетекчинин,окуучулардын өзүн –өзү башкаруу органынын класс кеңешинин бирге аракеттенүүсүнүн формаларын аныктайт.**

**2.2 Ата-энелер комитети мектептик ата-энелер конференциясына делегат шайлашат.**

**2.3 Өзүн –өзү башкаруу органынын чечимдеринин аткарылышына байланышкан маселелерди карайт.**

**2.4 Ата –энелер класстын турмушуна байланышкан маселелерди чечишет,мектептик документтердин долбоорун талкуулашат жана өз оцлорун,сунуштарын айтышат.**

**2.5 Класстык ата-энелер комитетинин отчету жана маалыматын угушат,түзүлгөн комиссияга ага өз баасын берет.**

**2.6 Ата-энелердин класстагы билим берүү процессин жакшыртууга байланышкан сунуштарын талкуулашат.**

**2.7 Ата-энелердин педагогикалык билим алуусун уюштурууга байланышкан маселелерди карашат.**

**2.8 Аз куамсыз болгон үй-бүлөлөргө материалдык жана финансылык жардам ьерүү тартибин бекитет,мугалимдергрекошумча кызматына,балдардын өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүүчү ийримдерге акча төлөө үчүн финансылык фонд түзүү боюнча чечим кабыл алынат.**

**3.Жыйналышты өнүктүрүүнүн эрежелери**

**3.1 Жыйналышка керектүү болгон документтерди жана маалыматтарды даярдап берүүгө милдеттүү.**

**3.2 Ар бир жыйналыш даяр “сценарийди” жана ылайыктуу шартты ,сунуштарды жана кеңештерди талап кылат.**

**3.3 Жыйшалышты өткөрүүнүн негизги методу диалог болуп саналат.**

**3.4 Ата –энелер жыйналыштын күн тартиби жана жыйналышка чакыруу тууралуу күн мурун билиши крек.**

3.5 Мектеп жетекчилиги ата-энелер жыйналышынын күн тартиби тууралуу жыйналыштын өткөрүлө турган мөөнөтүнөн төрт күн мурда билиши керек.

3.6 Предметтик мугалимдер класс жетекчинин чакыруусу менен ата-энелер жыйналышына катышат.

3.7 Класс жетекчи предметтик мугалимдерди ата-энелер жыйналышына чакыруунун максатын аныктайт.

3.8 Жыйналыштан бир күн мурун класс жетекчи уюштуруу маселелерин чечет (сырткы маселелер кийимдерди илүүчү жайды,канаанаы даярдайт).

3.9 Класс жетекчи ата-энелер жыйналышын жыйынтыгы,суроолого жана маселелер тууралуу директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарына жыйналыштын эртеси күнү маалымат берет.

4.Ата-энелер жыйналышынын өткөрүүнүн принциптери

4.1 ата-энелер жыйналышы –жөн гана мектеп менен үй-бүлөнүн байланышуу формасы эмес,бул негизги педагогикалык маалыматты алуунун орду,балдар менен мамиле түзүүнүн жана мыкты иш тажрыйбаны жайылтуунун трибунасы.

4.2 Ата-энелер жыйналышта бири –бирин сыйлоо сезимин түшүнүшөт,ага ишенишет,маанисиз сүйлөшүүлөр болбойт.

4.3 Үй –бүлөө жана мектеп бир маселе жана түйшүк-бул маселе балдар үчүн түйшүк.Ата-энелер менен мугалимдердин жолугушуусунун милдети-биргелешкен жолду жана чечимди издөө.

Ата-энелер жыйналышына даярдануу жана өткөрүү

боюнча методикалык сунуштар

1.Жыйналыш айына же чейрек сайын бир жолу окуучулардын жаш курагына жана класстын өзгөчөлүгүнө байланыштуу уюштурулат.Жыйналыш белгиленген убакытта башталат.Ата-энелер бул талапка көнүгүшү керек.Жыйналыштын максималдык уланышы -1-1,5 саат.

2. Окуу жылынын башталышындагы ата-энелер менен биринчи жолугушууда окуу жылындагы жыйналыштын күнүн ,убактысын жана болжолдуу тематикасы аныкталат.Бул жолугушуу ата-энелерден анкета алууга да шарт түзөт.Ар бир ата-энелер жыйналышы класс жетекчинин кылдат даярдыгын талап кылып,активдүү ата-энелердин катышуусунда сценарий же программа түзүлөт.

3. Класстын жасалгасын алдын ала ойлонуу,чыгармачылык иштердин даярдоо,атайын тематикалык газета чыгаруу,ата-энелерге арналган адабияттардын көргөзмөсүн жыйноо,дил баяндардын үзүндүсүн ,тема боюнча ырларды жаттатуу да класс жетекчинин негизги милдеттеринин бири.

4.Ата-энелерди чогулушка чакыруунун формалары жана айрым маанилүү белгилер:

-Окуучулардын күндөлүгүндөгү ата-энелердин колдорун текшерүү.

-Телефонуна чалуу

-Ата-энелер менен достук байланышты колдонуу.

-Жыйналыштын темасы көрсөтүлгөн жеке чакыруу баракчасы.

-Электрондук дарекке жөнөтүлгөн жеке чакыруу.

-Ата-энелер комитетинин жардамы менен чакыруу.

5.Жыйналыш кантип башталат жана ата-энелерди сүйлөшүүгө кантип тартабыз ?

-Досканы цитата жана  эпиграфтар менен жасалгалоо керек.;

-Ата-энелер менен саламдашып жана ыраазычылык билдирүү керек;

-Лирикалык чегинүү (ырлар,обондуу ырлар);

-Маселеге жана регламентке карай ата-энелерди тааныштыруу;

-Ата-энелерди өзгөчө орундарга отургузуу;

-Окуучулардын чыгармачылык иштеринен көргөзмө уюштуруу;

-Педагогикалык адабияттардын рекламасы;

-Класстын турмушу жөнүндө видеоролик же балдардын киришүү сөзү;

-Жыйналышты ата-энелерден жана окуучулардан алынган анкеталардын жыйынтыгы менен баштоо;

-Ата-энелер комитетинин ишин белгилөө;

-Ата-энелер жана балдар менен маектешүүнүн кубанычын көрсөтүү.

6.Жыйналышты өткөрүүнүн формалары:

1.Педагогикалык ринг (ата-энелер менен балдарынын ойлорунун кагылышуусу:ата-эне кандай болушу керек?)

2.Жыйналыш-диспут

3.Иштиктүү оюн

4.Тарбия боюнча тажрыйба алмашууга арналган ата-энелер конференциясы.

5.Аталардын конференциясы

6.Ата-энелердин жана балдардын биргелешкен жыйынтыктоочу жыйналышы

7.Тегерек стол

8.Театрга баруу жана окуучулар менен спектаклды талкулоо

9.Үй бүлөөлүк тарбиянын таанытымы (презентациясы)

10.Экскурсия

7.  Класс жетекчинин сүйлөгөн сөзүнө кеңештер

-Жакшы баштоо жана жакшы аяктоо керек.

-Жетишпеген учурларды жалпы айтуу керек,фамилия боюнча кайрылууга болбойт.

-Жаман окуучудан да жакшы нерсе издөө керек.

-Жакшы нерселер бардыгы үчүн,жаман нерселер жеке

-Окуучулардын жакшы жана жаман иштери жазылган дептерлерди ата-энелрге көрсөтүү керек,бирок фамилиясы аталбайт.

-Окуучулардын күндөлүгүнө окуудагы жана эмгектеги жетишкендиктери үчүн ыраазычылык сөздөрүн жазуу керек.

-Ата-энелерди грамота менен сыйлоо керек.

## Ата-энелер жыйналышынын болжолдуу

## Структурасы

1.Класс жетекчинин киришүү сөзү (меймандарды тааныштыруу,5 мүн)

2.Ата-энелер үчүн анализ анкетасы (класс жетекчи,соцпедагог,мугалимдер) жыйналыштын маселесин ачык талкулоо (5,7 мүн)

3.Жыйналыштын темасы боюнча киришүү (атайын адис же класс жетекчи).Ал ачык ,кыска,түшүнүктүү болушу шарт (10,15 мүнөт).

4.Ата-энелердин маселени талкулоосу (20 мүн).

5.Класс жетекчинин класстын жетишүүсү боюнча анализи.Жакшы жыйынтыктардан гана баштоо керек.Эч качан сабактан жетишпеген,өздөштүрүүсү начар окуучулардын аты-жөнүн атабоо, “маскаралыкты жабыштырбоо” керек.

6.Жолугушуунун  жыйынтыктоочу бөлүгүндө класс жетекчи катышкан ата-энелерге ,биргелешкен иштери үчүн ыраазычылык билдириши керек.Өткөн жолугушуудагы ата-энелер үчүн эстеткичти дагы бир жолу эсине салат.Жүрүш-турушунда  жана сабактагы жетишүүсү боюнча маселеси бар балдардын ата-энелерин бир азга суранып,бул маселелерди биргелешип чечүүнүн жолдорун сунуштайт.

### Ата-энелер үчүн эстеткич

-Эч качан жаман маанайда тарбиялабагыла.

-Баланын эмне ойлоп жатканын так аныкта жана терең бил.

-Баланын өз алдынчалыгына мүмкүндүк бер,ар бир кадамын көзөмөлдөй бербе.

-Максатка жетүүнүн туура жана татаал жолдорун тандоодо даяр чечимди айтпа.